**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРАКОЛЬСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 144 токтому**

**15-октябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы Үч-Эмчек айылындагы маданият үйүнүн фоесинин багытын өзгөртүп, Нур-Желеси бала бакчасы үчүн 2 кошумча группа ачууга дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагындагы Үч-Эмчек айылындагы маданият үйүнүн фоесинин багытын өзгөртүп, Нур-Желеси бала бакчасы үчүн 2 кошумча группа ачууга дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү максатында Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагындагы Үч-Эмчек айылындагы маданият үйүнүн фоесинин багытын өзгөртүп, Нур-Желеси бала бакчасы үчүн 2 кошумча группа ачууга дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берилсин.
2. Долбоордун өздүк салымы катары 825,0( сегиз жүз жыйырма беш миң) сом акча каражаты 2026-жылдын бюджеттен каралсын.
3. Талас районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынан шаар куруу кортундусун(ГЗ) жана схемалык планын ж.б. керектүү юридикалык документтерди алуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн жер, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси Ж.Иманкуловго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 145 токтому**

**15-октябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Айылдык Кеңештин төрайымынын жыл ичиндеги ар кандай чыгымдары үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Айылдык Кеңештин төрайымынын жыл ичиндеги ар кандай чыгымдары үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндөгү сунушту карап жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Айылдык Кеңештин төрайымынын жыл ичиндеги ар кандай чыгымдары үчүн керектелүүчү 60 000 (алтымыш миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин эсебинен каралсын.
2. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КАРАКОЛЬСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 146 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылынын маданият үйүн капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка жазылган долбоордун өздүк салымы жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылынын маданият үйүн капиталдык ремонттон өткорүүго дем берүүчү үлүштүк грантка жазылган долбоордун өздүк салымы жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылынын маданият үйүн капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка жазылган долбоордун өздүк салымы катары 1300,0 (бир миллион үч жүз миң) сом акча каражаты 2026-жылдын бюджеттен каралсын.
2. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 147 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин кошумча корпусунун ичин капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка жазылган долбоордун өздүк салымы жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин кошумча корпусунун ичин капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка жазылган долбоордун өздүк салымы боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин кошумча корпусунун ичин капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка жазылган долбоордун өздүк салымы катары 600,0( алты жүз миң) сом акча каражаты 2026-жылдын бюджеттен каралсын.
2. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КАРАКОЛЬСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 148 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Үч-Эмчек айылындагы маданият үйүнүн 1-кабатындагы фоэсин капиталдык ремонттон өткөрүү боюнча дем берүүчү үлүштүк грантка жазылган долбоордун өздүк салымы жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылындагы маданият үйүнүн 1-кабатындагы фоэсин капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка жазылган долбоордун өздүк салымы боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылындагы маданият үйүнүн 1-кабатындагы фоэсин капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка жазылган долбоордун өздүк салымы катары 850,0( сегиз элүү миң) сом акча каражаты 2026-жылдын бюджеттен каралсын.
2. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

## Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги Х-сессиясынын № 149 токтому

**28- ноябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

### 2026-жылга Талас райондук өнүктүрүү фондусуна өткөрүлө турган долбоорлордун тизмесин бекитүү жөнүндө

2026-жылга Талас өнүктүрүү фондусуна откөрүлө турган долбоорлордун тизмесин карап жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

**1.** Каракол айыл аймагындагы айылдар боюнча 2026-жылга Талас өнүктүрүү фондусуна өткөрүлө турган төмөндөгү долбоорлордун тизмеси бекитилсин. Алар:

- Каракол айыл аймагындагы суу тартыш болгон өзөндөргө суу жеткирүү үчүн скважиналарды куруу.
- Каракол айыл аймагындагы айылдардагы кичи футбол аянтчаларынын үстүн жабуу
- Арал айылындагы Ордо оюну өткөрүлүүчү жайды капиталдык ремонттон өткөрүү;
- Каракол айыл аймагындагы айылдардагы сыналгыларга кошумча каналдарды кошуу;
- Каракол айыл аймагындагы айылдардагы сугат суу жетпеген жерлерге БСРлерди куруу;
- Айыл аймагындагы ички көчөлөрдү жарыктандыруу;
- Жакынкы жайлоолорго суу чыкпай калган өзөндөргө кепташтарды куруу жана мурда курулган кепташтарды ремонттоо ;
- Каракол айыл аймагындагы айылдардагы согуштан кайтпай калган жоокерлердин эстелигин жаңыртуу;
- Каракол айыл аймагындагы айылдардагы китепканаларга заманбап эмеректерди алуу;
- Көпүрө-Базар айылындагы Үч-Чат жайлоосуна көпүро салуу;
- Айыл аймагындагы жакынкы жана алыскы жайлоолорго кеткен жолдорду оңдоп түзөө;
- Үч-Эмчек айылындагы Коргон-Таш, суу топтоочу жайдан(БСР) чыккан арыктарды бетондоо, лотогун алмаштыруу жана Сары-Булак БСРлерин тазалоо;
- Кууганды арыгын бетондоо;
- Каракол айыл аймагындагы айылдардагы мектептердин парта стулдарын жаңыртуу, эшигинин алдын брусчатка төшөө;

- Үч-Эмчек айылындагы Төш-Булак лотогун капиталдык ремонттон өткөрүү;
- К.Каимов орто мектебинин көмүрканасын ремонттоо;
- Үч-Эмчек айылындагы Кууганды жана Сары-Булак өзөндөрүнө скважина куруу;
- Каракол айыл аймагындагы айылдардагы балдар бакчаларынын фасадын жана чатырын жабуу;
- Арал айылындагы № 8 УДТ жылытуу системасын оңдоо, Үч-Эмчек айылындагы ФАПтын алдын навес кылып жабуу;
- Арал айылындагы таза суу үчүн Төшмашат башкы суу куйулмасына скважина куруу;
- Арал айылдагы эски тамеки сарайдын түндүк тарабындагы Чаңдынын сайындагы суу жетпеген 48 гектар дыйкандардын үлүш жерине скважина куруу же жаандатып сугаруу боюнча керектүү жабдууларды алуу;
- А.Медетов атындагы маданият үйүнүн алдына "Эс алуу багы" уюштуруу;
- Көпүрө-Базар айылындагы С.Жумагулов атындагы көчөнүн жашоочуларынын жер участокторы аркылуу өткон узундугу 620 метр болгон ачык дренажды жабуу;
- Арал айылындагы Терек өзөнүнөн келген туура суунун лотокторун толук алмаштыруу жана капиталдык ремонттон өткөрүү;
- Көпүрө-Базар айылындагы бала бакчасынын алдына балдар ойноочу аянтча куруу ;
- Каракол айылд аймагындагы мектептердин китепканаларын заманбап китепканага айландыруу;
- К.Нанаев атындагы Арал орто мектебинин алдына навес куруу;
- Көпүрө-Базар айылындагы С.Жумагулов көчөсүнүн күн чыгыш тарабындагы жабык дренажды тазалоо;
- Көпүрө-Базар айылындагы Дүйшөн-Ата 3 саатык бала бакчасынын багытын өзгөртүп, 100 орундуу заманбап бала бакчага айландыруу;
- Көпүрө-Базар айылындагы Манас көчөсүнө жабык дренаж куруу;

2. Долбоорлорду ишке ашыруу үчүн Талас районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынан шаар куруу корутундусун(ГЗ) жана схемалык планын ж.б. керектүү юридикалык документтерди алуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн жер, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси Ж.Иманкуловго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

Төрайым Э.Р.Тилекова

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КАРАКОЛЬСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 150 токтому**

**28- ноябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Көпүрө-Базар айылындагы Качкын уулу Ибрагим атындагы көчөнүн 10 айыл тургундарынын үйүнө ичүүчү таза суу киргизүү үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Көпүрө-Базар айылындагы Качкын уулу Ибрагим атындагы көчөнүн 10 айыл тургундарынын үйүнө ичүүчү таза суу киргизүү үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Жергиликтүү бюджеттин курулуш бөлүмүнүн 3111-статьясында турган Көпүрө-Базар айылындагы Жаңы -Арык ж.б каналдарынын ремонттоого бөлүнгөн ( 15.10.2025-жыл токтом №136) 2411,1 миң сом акча каражатынын пайланылбай калган ( аба-ырайынын суук болуп кеткендигине байланыштуу ремонт иштери убактылуу токтотулган) 1 452 092 ( бир миллион төрт жүз элүү эки миң токсон эки) сом акча каражаты эсебинен Көпүрө-Базар айылындагы Качкын уулу Ибрагим атындагы көчөнүн 10 айыл тургунунун үйүнө ичүүчү таза суу киргизүү үчүн түзүлгөн сметанын негизинде 142 312( бир жүз кырк эки миң үч жүз он эки сом) акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Бөлүнгөн акча каражатынын максаттуу пайдалануусун көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнөн суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРАКОЛЬСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 151 токтому

**28- ноябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

### Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылына курула турган сүт заводунун долбоордук сметалык документтерине (ПСД) тендер берүү үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө

Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылына курула турган сүт заводунун долбоордук сметалык документтерине (ПСД) тендер берүү үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылына курула турган сүт заводунун долбоордук сметалык документтерине (ПСД) тендер берүү үчүн 1 000 000( бир миллион ) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин төмөндөгү статьяларынан:

- дыйкан чарба салыгынан түшүүчү салыктын ордун толтуруу үчүн республикалык бюджеттен түшкөн 625 509( алты жүз жыйырма беш миң беш жүз тогуз) сом ;
- жергиликтүү бюджеттин курулуш бөлүмүнүн 3111-статьясында турган Көпүрө-Базар айылындагы Жаңы -Арык ж.б каналдарынын ремонттоого бөлүнгөн ( 15.10.2025-жыл токтом №136) 2411,1 миң сом акча каражатынын (аба-ырайынын суук болуп кеткендигине байланыштуу ремонт иштери убактылуу токтотулгандыгына байланыштуу) пайланылбай калган 1 452 092 ( бир миллион төрт жүз элүү эки миң токсон эки)сом акча каражатынын эсебинен 374 491( үч жүз жетимиш төрт миң төрт жүз токсон бир ) сом;

бөлүнүп берилсин.

2. Бөлүнгөн акча каражатынын максаттуу пайдалануусун көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика,

жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнөн суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 152 токтому**

**28- ноябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Көпүрө-Базар айылындагы бала бакчага генератор сатып берүү үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Көпүрө-Базар айылындагы бала бакчага ( электр энергиясы өчкөн мезгилде пайдаланууга) 5,5 квт кубатуулуктагы генератор сатып берүү үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат**

1. Көпүрө-Базар айылындагы Жаңы -Арык ж.б каналдарынын ремонттоого бөлүнгөн ( 15.10.2025-жыл токтом №136), жергиликтүү бюджеттин курулуш бөлүмүнүн 3111-статьясында турган 2411,1 миң сом акча каражатынын пайланылбай калган ( аба-ырайынын суук болуп кеткендигине байланыштуу ремонт иштери убактылуу токтотулгандыгына байланыштуу) 1 452 092 ( бир миллион төрт жүз элүү эки миң токсон эки) сом акча каражатынын багыты өзгөртүлүп, тиешелүү акча каражаты 3112-статьясына отургузулуп, отургузулган акча каражаты эсебинен Көпүрө-Базар айылындагы бала бакчага (электр энергиясы өчкөн мезгилде пайдаланууга) 5,5 квт кубатуулуктагы генератор сатып берүү үчүн 65000( алтымыш беш миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Бөлүнгөн акча каражатынын максаттуу пайдалануусун көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнөн суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги Х-сессиясынын № 153 токтому**

**28- ноябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Көпүрө-Базар айылындагы төрөт үйүнө суу тартуучу насос тени менен сатып берүү үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Көпүрө-Базар айылындагы төрөт үйүнө суу тартуучу насос тени менен сатып берүү үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат**

1. Айылдык кеңештин 15.10.2025-жыл токтом №136 токтому менен (Көпүрө-Базар айылындагы Жаңы -Арык ж.б каналдарынын ремонттоого) бөлүнгөн жергиликтүү бюджеттин курулуш бөлүмүнүн 3111-статьясында турган 2411,1 миң сом акча каражатынын пайланылбай калган ( аба-ырайынын суук болуп кеткендигинен ремонт иштери убактылуу токтотулгандыгына байланыштуу) 1 452 092 ( бир миллион төрт жүз элүү эки миң токсон эки) сом акча каражатынын багыты өзгөртүлүп, тиешелүү акча каражаты 3112-статьясына отургузулуп, отургузулган акча каражаты эсебинен Көпүрө-Базар айылындагы төрөт үйүнө суу тартуучу насосту тени менен сатып берүүгө 30 000( отуз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Бөлүнгөн акча каражатынын максаттуу пайдалануусун көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнөн суралсын

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 154 токтому**

**28- ноябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Арал айылындагы Касым Балбан атындагы спорт комплесинин Ордо ойноочу аянтынын тегерегин зым тор менен курчоого (кичи футбол аянтчасынын батыш жана чыгыш тарабын зым тор менен бекитүүгө) акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Арал айылындагы Касым Балбан атындагы спорт комплесинин Ордо ойноочу аянтынын тегерегин зым тор менен курчоого (кичи футбол аянтчасынын батыш жана чыгыш тарабын зым тор менен бекитүүгө) акча каражатын бөлүү жөнүндө Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушу, айылдын спорт комитетинин жетекчиси К.Жумалиевдин кайрылуусу менен таанышып жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат**

1. Айылдык кеңештин 15.10.2025-жыл токтом №136 токтому менен (Көпүрө-Базар айылындагы Жаңы -Арык ж.б каналдарынын ремонттоого) бөлүнгөн жергиликтүү бюджеттин курулуш бөлүмүнүн 3111-статьясында турган 2411,1 миң сом акча каражатынын пайланылбай калган ( аба-ырайынын суук болуп кеткендигинен ремонт иштери убактылуу токтотулгандыгына байланыштуу) 1 452 092 ( бир миллион төрт жүз элүү эки миң токсон эки) сом акча каражаты эсебинен Арал айылындагы Касым Балбан атындагы спорт комплесинин Ордо ойноочу аянтынын тегерегин зым тор менен курчоого (кичи футбол аянтчасынын батыш жана чыгыш тарабын зым тор менен бекитүүгө) түзүлгөн сметанын негизинде 134 850 ( бир жүз отуз төрт миң сегиз жүз элүү) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Бөлүнгөн акча каражатынын максаттуу пайдалануусун көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик,

инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнөн суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

## Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 155 токтому

28- ноябрь 2025-жыл Арал айылы

### Айыл тургундарынын арыздарын кароо

Айыл аймагындагы жергиликтүү тургундарынын (ден–соолугунан жабыркаган адамдардын) ден-соолугун чыңдоо үчүн материалдык жардамдарды берүү жөнүндөгү арыздары менен таанышып жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Айылдык кеңештин 15.10.2025-жыл токтом № 136 токтому менен (Көпүрө-Базар айылындагы Жаңы -Арык ж.б каналдарынын ремонттоого) бөлүнгөн жергиликтүү бюджеттин курулуш бөлүмүнүн 3111-статьясында турган 2411,1 миң сом акча каражатынын пайланылбай калган (аба-ырайынын суук болуп кеткендигинен ремонт иштери убактылуу токтотулгандыгына байланыштуу) 1 452 092 ( бир миллион төрт жүз элүү эки миң токсон эки) сом акча каражатынын багыты өзгөртүлсүн

2. Каракол айыл аймагында жашаган айыл тургундарынын арыздарынын негизинде ден-соолугунан жабыркаган, аз камсыз жардамга муктаж үй-бүлөлөрүнө жана ДМЧ айыл тургундарына жеринде барып жазылган изилдөө актылары, врачтардын көрсөтмөлөрү менен таанышып чыгып, айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинен багыты өзгөртүлгөн 1 452 092 ( бир миллион төрт жүз элүү эки миң токсон эки) сом акча социалдык иш-чаралар бөлүмүнө отургузулган акча каражатынан каражаты эсепбинен , арыз ээлерине төмөндөгүдөй материалдык жардамдар менен каржылоого уруксат берилсин. Алар:

– Россия жергесинен С.Г Суханов атындагы жүрөк - кан тамыр хирургиясынын федералдык борборунан жүрөгүнөн операция боло турган, абалы оор Көпүрө-Базар айылынын тургуну Төлбашиев Нурлан Андакуловичке операциянын төлөмдөрү үчүн 100,0(жүз миң) сом;

- Бир жолу берилүүчү материалдык жардам Көпүрө-Базар айылынын тургуну 2 топтогу майып Сабатаров Жумабектин (жубайы Н.Жумагулованын кайрылуусунун негизинде) даарылануусуна 27,0 (жыйырма жети миң )сом;

- Көпүрө-Базар айылынын тургуну, айылдык кеңештин депутаты Чекиров Молдогазыга оор операциядан кийин ден-соолугун калыбына келтирүү үчүн дарылануга (жубайы Иманкулова Бегайымдын арызынын негизинде) 100,0 (жүз миң ) сом;

- Бир жолу берилүүчү материалдык жардам Үч-Эмчек айылынын тургуну жесир, аз камсыз жардамга муктаж үй-бүлөнүн ээси Иманалиева Венеранын арызынын негизинде 25,0(жыйырма беш миң )сом;

- Бир жолу берилүүчү материалдык жардам Арал айылынын тургуну, өнөкөт бөйрөк ооруусунан жабыркап, туруктуу гемодиализ процедурасын алган Бакиров Тураттын кайрылуусунун негизинде кошумча дары-дармек алып дарылануусуна 70,0(жетимиш миң )сом;

- Бир жолу берилүүчү материалдык жардам, Көпүрө-Базар айылынын тургуну, 2 топтогу майып Касымбеков Айтбекке коляска алуу үчүн 70,0(жетимиш миң) сом ;

3. Бөлүнгөн акча каражатынын убагында бөлүнүп, арыз ээлерине даректүү жеткирилишин камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө социалдык маселелер, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш, мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, жаштар, спорт жана маданият боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын төрайымы Сарбагышева Гүлзат Кенжекуловнага милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРАКОЛЬСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 156 токтому**

**28- ноябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Арал айылындагы №8 УДТ имаратынын суу түтүктөрүн жаңыртууга, оңдоого жана кайрылуунун негизинде керектүү жабдууларды алууга акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Арал айылындагы №8 УДТ имаратынын суу түтүктөрүн жаңыртууга, оңдоого жана керектүү жабдууларды алууга акча каражатын бөлүү жөнүндө клиникалык жетекчиси А.Жунушованын кайрылуусун карап жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Айылдык кеңештин 15.10.2025-жылдагы №136 токтому менен (Көпүрө-Базар айылындагы Жаңы -Арык ж.б каналдарынын ремонттоого) бөлүнгөн жергиликтүү бюджеттин курулуш бөлүмүнүн 3111-статьясында турган, 2411,1 миң сом акча каражатынын пайланылбай калган ( аба-ырайынын суук болуп кеткендигинен ремонт иштери убактылуу токтотулгандыгына байланыштуу) 1 452 092 ( бир миллион төрт жүз элүү эки миң токсон эки) сом акча каражаты эсебинен Арал айылындагы №8 УДТ имаратынын суу түтүктөрүн жаңыртууга, оңдоого жана керектүү жабдууларды сатып алууга 100,0 (жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Бөлүнгөн акча каражатынын максаттуу пайдалануусун көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнөн суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 157 токтому**

**28- ноябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Айыл окмөтүнүн КАМАЗ автоунааларын керектүү тетиктер менен жабдууга акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагында жашаган айыл тургундарын күз-кыш айларында көмүр отуну менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу боюнча уюштурулуп жаткан иш-чаралардын негизинде айыл өкмөтүнүн 2 даана КАМАЗ автоунааларын керектүү тетиктер менен жабдууга акча каражатын бөлүү жөнүндө Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Айылдык кеңештин 15.10.2025-жыл токтом № 136 токтому менен (Көпүрө-Базар айылындагы Жаңы -Арык ж.б каналдарынын ремонттоого) бөлүнгөн жергиликтүү бюджеттин курулуш бөлүмүнүн 3111-статьясында турган 2411,1 миң сом акча каражатынын пайланылбай калган (аба-ырайынын суук болуп кеткендигинен ремонт иштери убактылуу токтотулгандыгына байланыштуу) 1 452 092 ( бир миллион торт жүз элүү эки миң токсон эки) сом акча каражатынын багыты өзгөртүлүп, тиешелүү акча каржаттары 3112- статьясына отургузулсун.

2. Каракол айыл аймагында жашаган айыл тургундарын күз-кыш айларында көмүр отуну менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу максатында 3112-статьясына отургузулган акча каражат эсебинен айыл өкмөтүнүн КАМАЗ автоунааларын керектүү тетиктер менен жабдууга 51,0(элүү бир миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

3. Бөлүнгөн акча каражатынын максаттуу пайдалануусун көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнөн суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 158 токтому**

**28- ноябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Үч-Эмчек айылындагы Нур-Желеси бала бакчасынын дем берүүчү үлүштүк гранттын каржылоосу менен курулган кошумча имаратынын ортосун бөлүүгө керектүү курулуш материалдарын сатып алууга акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Үч-Эмчек айылындагы Нур-Желеси бала бакчасынын дем берүүчү үлүштүк гранттын каржылоосу менен курулган кошумча имаратынын ортосун бөлүүгө керектүү курулуш материалдарын сатып алууга акча каражатын бөлүү жонүндө мектепке чейинки билим берүү мекемесинин жетекчиси Кубанычбекова Бактыгүлдүн кайрылуусун угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Айылдык кеңештин 15.10.2025-жылдагы №136 токтому менен (Көпүрө-Базар айылындагы Жаңы -Арык ж.б каналдарынын ремонттоого) бөлүнгөн жергиликтүү бюджеттин курулуш бөлүмүнүн 3111-статьясында турган, 2411,1 миң сом акча каражатынын пайдаланылбай калган ( аба-ырайынын суук болуп кеткендигинен ремонт иштери убактылуу токтотулгандыгына байланыштуу) 1 452 092 ( бир миллион төрт жүз элүү эки миң токсон эки) сом акча каражаты эсебинен Үч-Эмчек айылындагы Нур-Желеси бала бакчасынын дем берүүчү үлүштүк гранттын каржылоосу менен курулган кошумча имаратынын ортосун бөлүүгө керектүү курулуш материалдарын сатып алууга 120,0 (жүз жыйырма миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Бөлүнгөн акча каражатынын максаттуу пайдалануусун көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнөн суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 159 токтому**

**28- ноябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагына аба чубалгыларын мамычасы менен орнотууга макулдук берүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагына аба чубалгыларын мамычасы менен орнотууга макулдук берүү жөнүндө Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын кайрылуусун угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат::**

1. Каракол айыл аймагына тиешелүү Ой-Чилик участкасынан Көпүрө-Базар айылынын чегине чейин 12 Ч.Алкапов тарабынан демөөрчүлүк катары берилген акча каражаттары ж.б. боюнча; км аралыкта 10 кВ СИП-3 үлгүсүндөгү аба чубалгыларын мамычасы менен орнотууга макулдук берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

Каракол айыл аймагынын
айылдык кеңешинин 2025-
жылдын 28-ноябрында болуп
өткөн сессиясынын
№ 160 - токтому менен
бекитилген

## ЖПБ/ЖКнын ИЧКИ ЭРЕЖЕЛЕРИ

**Мал жаюу эрежелери**

Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" мыйзамына ылайык жайыт пайдалануучу төмөнкүлөрдү аткарууга милдеттүү:

1. Мал жайуунун алдында Жайыт комитетинен жайыт билетин алууга.
2. Ветеринардык палатада катталган жергиликтүү ветеринардан бардык эмдөөлөр жана вакцинациялар жүргүзүлгөндүгү тууралуу маалымкат алууга.
3. Малды Райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгы менен макулдашылып жана жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилгенден кийин гана Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планына ылайык жайытка жаюуга (мал жайуу планы жана графиги бул пландын негизги бөлүктөрүнүн бири болуп саналат).
4. Жайыт мезгили 1 апрелде башталат.
5. Күзгү жайыт мезгили 20 -ноябрда аяктайт.
6. Жайыт пайдалануучуларды жазгы (орто) жайыттарга которуу 1-апрелден 5-майга жүргүзүлүшү шарт.
7. Жайыт пайдалануучуларды жайкы жайыттарга которуу 25-майдан 30-майга чейин жүргүзүлүшү керек.
8. Ортоңку күзгү жайыттарга 20-сентябрдан баштап кайтып келсе болот, ал эми мал жайуучу участокторго түшүм жыйналгандан кийин 20-сентябрдан баштап көчсө болот.
9. А/А, ЖКнын адистери, жеке малчы чабандары менен биргеликте 20-апрелден баштап саан малды жаюу уюштурулат.
10. Жайыт пайдалануучулардын жалпы чогулушунда кабыл алынган чечимге ылайык айыл ичинде 1 жумушчу ат, 2 саан уй, 3-5 койду калтырууга уруксат берилет, калган мал жайкы жайыттарга чыгарылышы керек.
11. Башка учурларда бардык жайыт пайдалануучулар менен келишим түзүлөт жана жайыт пайдалануу акысы келишимдин негизинде Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндө" мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 13-сентябрындагы №515 токтому менен бекитилген Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү тартиби жөнүндө типтүү жобого ылайык төлөнөт.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги Х-сессиясынын № 160 токтому**

**28- ноябрь 2025-жыл Арал айылы**

**"Каракол таза аймак" МИ ЖПБ/ЖКнын ички эрежелерин бекитүү жөнүндө**

"Каракол таза аймак" МИ ЖПБ/ЖКнын ички эрежелерин карап жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. "Каракол таза аймак" МИ ЖПБ/ЖКнын ички эрежелери( Мал жаюу эрежелери) бекитилсин.
2. Бекитилген эрежелердин Каракол айылдык кеңешинин аймагында аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы "Каракол таза аймак" МИ жетекчилигине милдеттендирилсин.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРАКОЛЬСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 161 токтому**

**28- ноябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Көпүрө-Базар айылындагы жолбун ит мышыктарды атууга акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Көпүрө-Базар айылындагы жолбун ит мышыктарды атууга акча каражатын бөлүү жөнүндө депутат Э.А.Жумашеванын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Көпүрө-Базар айылындагы жолбун ит мышыктарды атууга жергиликтүү бюджеттин айыл өкмөтү бөлүмүнүн 2215-статьясында турган 20,0(жыйырма миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Каракол айылдык кеңешинин аймагында аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер, айыл чарбасы жана экология, кен казуу иштери архитектура, курулуш, транспорт, ишкердик иштер, кызмат көрсөтүү боюнча тармакттык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги X-сессиясынын № 162 токтому**

**28- ноябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Көпүрө-Базар айылындагы эски мечиттин жанына жаңы мечит салууга макулдук берүү жана Арал айылындагы Ногой уулу Кулуш мечиттин бузуп ордуна заманбап мечит салуу жөнүндө**

Көпүрө-Базар айылындагы эски мечиттин жанына жаңы мечит салуу боюнча айыл тургундарынын суроо-талаптары жөнүндө депутаттардын сунуштарын угуп жана талкуулап чыгып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Көпүрө-Базар айылындагы эски мечиттин жанына жаңы мечит салууга макулдук берилсин .
2. Арал айылындагы Ногой уулу Кулуш мечиттин бузуп, ордуна заманбап мечит салуу Жалпы Элдик жыйындын кароосуна калтырылсын.
3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**